## М Куренкеев атындагы №11 орто мектебинин социалдык педагогунун 2021-2022-окуу жылындагы аткарган иш-чаралары боюнча бир жылдык отчёту.

2021-2022-окуу жылына бир жылдык иш планы түзүлүп бекитилди.Окуу жылынын башында мектеп боюнча окуучулардын жалпы контингенти такталып,мектептин социалдык паспорту түзүлүп,төмөнкүдөй жыйынтыкталды.

| № | | бардыгы | Жалпы санынын %ы |
|---|---|---|---|
| 1 | Мектептеги окуучулардын жалпы саны | 744 | 100% |
| 2 | "Тобокел"тобундагы балдар | 3 | 0,3 |
| 3 | Көп балалуу үй бүлөөдөгү балдар | 38 | 5,1 |
| 4 | Аз камсыз болгон үй бүлөөдөгү балдар | 24 | 3,2 |
| 5 | Камкордукка алынган балдар | 1 | 0,1 |
| 6 | Апасы жалгыз тарбиялаган балдар | 10 | 1,3 |
| 7 | Толук жетим балдар | 1 | 0,1 |
| 8 | Жарым жетим балдар | 19 | 2,5 |
| 9 | Ата-энеси чет жакта жүргөн балдар | 85 | 11,4 |
| 10 | ЖӨИ каттоосунда турган балдар | - | - |
| 11 | Социалдык жетим балдар | 29 | 3,8 |
| 12 | Этно кыргыз окуучулар | 2 | 0,2 |
| 13 | Күбөлүгү жок балдар | 1 | 0,1 |
| 14 | Мүнөзү оор балдар | 2 | 0,2 |
| 14 | Оор турмушка кабылган балдар | 2 | 0,2. |

Окуу жылдын башында,мектепке жаны келген окуучулар такталып,алардын адаптациялоосуна көзөмөл жүргүзүлүп жекече сүйлөшүлдү жана мектептин шарттары менен тааныштык берилди.

## 2021-2022-окуу жылынын суициддин алдын алуу жана чара көрүү боюнча өткөрүлгөн иш-чаралар.

Окуу жылынын башында суициддин алдын алуу жана чара көрүү боюнча пландар түзүлүп төмөнкүдөй иш жүргүзүлдү.

Октябрь айында балдар арасында суициддин аракеттерин болтурбоо максатында "Балдардын ишеним телефону"жана "Жашыруун үкөк борборун түзүү".Мында балдардын ички сезиминдеги терең ойлору жарыкка чыгат жана балдар бири бирин иликтөө иштери жүргүзүлдү.

Ноябрь айында кылмыш жоопкерчилиги боюнча "Балдардын укуктары жана милдеттери"Конвенция боюнча 5-11-кл арасында ИДН Абдимиталип у М,тарых мугалимдери Дүйшеева Б,мектеп адмнистрациялар тарабынан уюштурулган түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Декабрь айында суициддик демокративдик жүрүм-турумдук белгилери бар кооптуу балдарга,ошондой эле алкоголь жана маң кылуучу заттарды колдонууга жакын балдар менен мед айым ,психиатр,наркологдор,психологдор менен өз убагында консультация берүүнү камсыз кылуу жана алар менен жекече аңгемелешүү жүргүзүлдү.

6-б кл окуучусу Исматуллаева Ф жүрүм-туруму боюнча мед айым Кадырова Б,ИДН Абдимиталип у М менен жекече сүйлөшүлдү.

- Уй-бүлө институту солгундап кароосуз,ата энеси мигрант балдар менен жекече сүйлөшүүлөр жүргүзүлдү.

10-кл окуучусу Абдыкаарова Г апасынын колунда жашайт,бирок апасы Россияга кетип кызды тагасына таштап кеткен.Соц педагог тарабынан тагасы Усөн мектепке чакырылып, жээним Гүлзаданы өз кызымдай кылып карайм жана жүрүм-турумуна өз керт башым менен жооп берем деген ишеним катты жазып кетти.

Февраль айларында суициддин алдын алуу боюнча тарбиялык сааттар өткөзүлдү.

-7-кл "Сага кыйын болсо бөлүш"

-8-кл класс жетекчиси "Ар бир кыйынчылыктын ачкычы бар".

-9-кл класс жетекчиси "Сага оор болгон учурда".

-10-кл "Жашоо барыбыз үчүн керемет".

-11-кл "Тирүү кезде жашоодо баарын өзгөртсө болот"

Март айларында "Кыздар- коомдун күзгүсү"деген темада 8-11-кл арасында семинар өтүлдү.Семинарда адмнистрация,кыздар кеңешинин төрайымы Маматалиева М жана парламент окуучулары,кыздардын жүрүм-туруму,кыздар жеңил ойлуулукка баш ийбеши жана кыздар келечектеги үйдүн куту экендиги жөнүндө өз ойлорун айтып кетишти.

Апрель айында "Суицидке жол бербөөнүн алгачкы кадамдары"деген темада 9-11-кл арасында тегерек стол өткөзүлдү.Тегерек столго ар бир класстан 6 окуучудан катышты жана төмөнкүдөй суроолор аркылуу талкуу жүргүзүлдү.

-Суицид деген эмне?

-Жашоо баарыбыз үчун керемет,бирок,Эмне үчүн балдар суицидке барышат?

-Сен үчүн жашоодо эмне кызык?

-Стреске же депрецияга кабылуу,куруу намыс суицидке алып барабы?

Жыйынтыгында балдар суицидке баруудан алыс болуп,турмуш жолунда туура жол тандоого багыт алышты.

## 2021-2022-окуу жылынын экстримизм жана терроризм боюнча өткөрүлгөн иш чаралар.

Сентябрь,октябрь айларында терроризм жана экстримизге каршы күрөшүү боюнча ИДН Абдимиталип у М,укук коргоо кызматкерлери менен 5-11-кл арасында аңгемелешүү менен окуучуларга толук маалымат берилди.

Ноябрь айында экстримисттик ишмердүүлүккө тартылган жашы жете элек балдар,аялдар,жаштар,улгайган адамдардын арбындашы боюнча соц педагог Кадырова ЧА,тарбия бөлүм башчысы Молдоболотова А 8-11-класстардын арасында видио роликтер,фото сүрөттөр аркылуу түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.Видио роликтерди көрүү менен бирге балдар таасирленип ар кандай суроолор менен кайрылышып биргеликте талкуу жүргүзүлдү.

Декабрь айында "Биз экстримизмге жана терроризмге каршы"деген темада 9-11-класстардын арасында,тарых мугалими доклад окуу менен биргеликте видио-фото материалдар көрсөтүлүп,статистикалык маалыматтар берилип, суроо жооптор менен жыйынтыкталды.

Март айында "Биз зордук-зомбулукка каршыбыз"деген темада 5-7-кл арасында сүрөт конкурсу уюштурулду.Сүрөт конкурсун сүрөт мугалими Шамшидинова Г жетектеди.Сүрөт конкурсунда 7-а кл Жоробаева З,Жолдошев Б,Абдиламидова А,Сраждинова З окуучуларынын сүрөттөрү мыкты деп табылды.

**Апрель айында "Жаштар диний экстримизмге жана терроризмге каршы!"деген темадада 1-11-класстардын арасында тарбиялык сааттар өткөзүлдү. "Жаштар диний экстримизмге жана терроризмге каршыбыз"деген темада 8-в кл жетекчиси Сатарова З. балдарга жеткиликтүү түшүнүк бере алды.**

**Май айында "Азыркы мезгилдеги диний кырдаалдын коомго жана жаш жеткинчектерге тийгизген таасири"деген темада 7-11 кл арасында , аңгемелешүү өткөзүлдү.(жолугушуу).Жолугушууга диний кызматкерлери Садиров А,Мурзатаев Р,ИДН Абдимиталип у М,мектеп адмнистрсциясы класс жетекчилери катышты.**

## 2021-2022-окуу жылы зордук зомбулук боюнча өткөрүлгөн иш-чаралар.

2021**-2022-окуу жылы "Зордук-зомбулуксусуз 16 күн"акциясынын алкагында аткарылган иш чаралар боюнча маалымат.**

08.12. "Зордук-зомбулуксуз 16 күн"аксиясына план түзүлүп,бекиттирилди.

14.12. 6-7-8-кл ортосунда "Зордук-зомбулук сөздөн башталат"деген темада доклад окулду.Докладды 8-б кл класс жетекчиси Бакирова М эжеке окуп,балдарга толук маалымат бере алды.

17.12."зордук-зомбулукка каршыбыз"деген темада 1-11-кл ортосунда класстык тарбиялык саатар өтүлдү.Бул тема боюнча 10-кл класс жетекчиси Дженбаева Г,8-а кл класс жетекчиси Маматалиева М эжекелер эн жакшы денгээлде балдарга жеткиликтүү кылып өтүп беришти.

13.01."Зордук-зомбулуксуз үй-бүлө"деген темада 7-8-кл ортосунда видео ролик жасоо тапшырмасы берилди.Бул видео роликти 8-в класстын класс жетекчиси Сатарова З эжеке жасады.

18.01. 4-а жана 4-б класстардын ортосунда "Атам,апам жана мен"аттуу эстафета уюштурулду жана төмөнкүдөй иш планы менен өткөзүлдү.

| № | оюндардын аталышы. | тур | Ким аткарат | Упай. |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Чуркоо | 1-тур | Ата-эне,балдар | |
| 2 | Скаколка менен чуркоо. | 2-тур | Кыздар,апалар | |
| 3 | Теннис,шарик менен чуркоо | 3-тур | Ата-энелер,балдар. | |
| 4 | Ата-энелер балдарын көтөрүп чуркоо. | 4-тур | Ата-энелер,балдар. | |
| 5 | Топту кольцого таштоо. | 5-тур | Ата-энелер балдар менен. | |
| 6 | Жыйынтыгы. | | | |

Ошентип "Атам,апам жана мен "эстафетасында 4-а кл упай,4-б кл упайга ээ болушуп,4-а кл жеңип чыгышты.

21.01.6-11-кл ортосунда кыздар кенеши жана соц педагог тарабынан уюштурулган "Эрте никеге туруу" деген тема боюнча чогулуш өтүлдү.Бул чогулушка 125 окуучу жана класс жетекчилер катышты.

26.01.9-10-11-класстардын атаэнелеринин чакырылып “Ата эне менен баланын ортосундагы көйгөйлүү суроолор”деген темада тегерек стол уюштурулду.Тегерек столго 11 ата-эне катышты.Тегерек стол төмөнкүдөй план менен өткөзүлдү.

*Саламдашуу.
*Тегерек столдун шарты менен тааныштыруу.

*Максаты:
-Ата-эне менен баланын ортосундагы тыгыз байланышты түзүү.
- Ата-эненин балага болгон камкордугун күчөтүү.
- Ата-эне менен баланын ортосундагы зордук-зомбулукка жол бербөө.

Ата-энелерге берилүүчү көйгөйлүү суроолор:
1-суроо:
Эгерде балаңыз же кызыңыз үйгө кеч келип калса (мисалы:кечки саат 19.00.же 20.00.дө,сиздин кабарыңыз жок) сиз кандай чара колдонот элеңиз?
2-суроо:
Балаңыздын чөнтөгүнөн насвай,тамеки таап алсаңыз эмне кылат элеңиз?
3-суроо:
“Ата-энени нааразы кылсаң,аллах сенден ыраазы болбойт”деген интернет булагынан алынган,баланын ата-энесине жасаган терс мамилеси жөнүндө видео ролик көрсөтүлөт жан төмөнкүдөй суроо берилет.
Балаңыз ушундай деңгээлге жетпеш үчүн ,кандай тарбия берет элеңиз?
4-суроо:
Эгерде жашы жете элек кызыңыз турмушка чыгам же балаңыз үйлөнөм десе эмне дейт элеңиз?
5-суроо:
“Балдар ата-эне мээримине зар экенин унутпайлы”деген видео ролик көрсөтүлөт жана төмөнкүдөй суроо берилет.
Сиз балаңызга бир күндө канча убакыт бөлөсүз?
Жыйынтыктоо:
Зордук-зомбулуксуз үй-бүлө деп кандай үй-бүлөнү айтасыз?
деген суроого ата-энелер өз ойлорун жазышып,сүйлөп беришти.

**10-кл жетекчиси Дженбаева Г “Зордук-зомбулук”деген темада тарбиялык саат өтүп балдарга жеткиликтүү кылып түшүндүрө алды.**

**Зордук зомбулук жана рекетчилик боюнча 7-8-кл арасында ачык, 9-11-кл арасында жабык түрүндө сурамжылоо алынды.**

| № | Аткарылган иш чара. | классы | Окуучулардын саны. | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Зордук зомбулук жана рекетчилик. | 7-а,б | 58 | Ачык түрүндө |
| 2 | | 8-а,б,в | 69 | Ачык түрүндө |
| 3 | Зордук зомбулук жана оор турмушка тартылуу. | 9-а,б | 51 | Жабык түрундө |
| 4 | Зордук зомбулук жана оортурмушка тартылуу. | 10-а кл | 30. | Жабык түрүндө. |
| 5 | Зордук зомбулукка жана оор турмушка тартылуу. | 11-а | 26 | Жабык түрүндө. |

Сурамжылоонун жыйынтыгында 7-8-кл арасында эч кандай зордук зомбулуктар болгон эмес. 9-11-кл арасында да эч кандай даттанган жоолтор жок болуп чыкты.Сурамжылоо боюнча жалпы 234 окуучу катышты.

**"Балдардын эмгеги жана оор түрлөрү"деген темада 9-11-кл арасында класстык саат жана түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.**

202102022-окуу жылындагы рейддер боюнча аткарылган иш-чаралар.

**1) 17-ноябрда "Салам мектеп"рейдине №3 мектептин соц педагогу Замира менен чыктым.Рейдде эч кандай тартип бузуулар болгон жок,бирок, базарда мектеп окуучулар болду алар Жал жана Өрнөк айылындагы балдар болуп чыкты.**

**2).22.10.биздин микро участкабыздагы Куренкеев көчөсүндөгү 8 жаштагы майып кыз Тажибаева М рейдке бардым.Кыздын ата-энеси менен сүлошсөм кызыбызды докторлор окутсанар болот дегени,ГОРОНО кызматкерлери менен сүйлөштүм. Бирок баланын окуй турган абалы жок,балабызды окутпайбыз деп атасы баш тартты.**

**3).** "Турмуштук оор кырдаалга кабылган балдарды коргоо"максатында декабрь айында рейд жүргүзүлүп,төмөнкү балдар аныкталды:

1.Сыдыкалиева Адина 2-б кл окуучусу,Осмонова көчөсүндө жашайт,ата-энеси ажырашып кетип, кыз чон атанын колунда жашайт жана анын туулгандыгы тууралуу күбөлүгү да жок,бул маселе боюнча тиешелүү жерлерге кайрылганбыз,бирок эч кандай жыйынтык жок.Кыз кичинекей үйдө, чон атасы менен жашайт,кароо начар.

4).Мадаминов Даниел 6-а кл окуучусу,Салиева участкасында жашайт,жарым жетим,атасы өтүп кеткен,тайэне,тайатасынын колунда жашайт,апасы инвалид,төшөктө жатат.

**5).Оор турмушка кабылган 6-а кл окуучусу Мадаминов Даниелдин тилекке каршы төшөктө жаткан апасы да өтүп кеткендиктен кл жет Дүйшеева Б менен рейд жасап акчалай жана кийим-кечелер берилип жакындан жардам берилди.**

**6)Т.Молдо к/ү жашоочусу 2016-ж.17.06.төрөлгөн ДЦП Жолдошбаева Раянын азыркы мезгилдеги абалы менен таанышып анын ата-энелери менен да сүйлөшүлдү.Раянанын абалы сүйлөй албайт,боюн кармап отура албайт,жатат.**

**7). Турусбекова к/ү жашоочусу 2014-ж.24.05.туулган ДЦП Пахиров Тургунбайдын абалын көзөмөлдөө үчүн рейд жүргүзүлдү.Баланы апежеси карайт экен себеби баланын өз апасы тарбиялаганга мүмкүнчүлүгү жетпейт (акылы жетишсиз). Баланы тарбиялаган Алтынай эже бул бала жөнүндө соц зашита да,билим берүү тармактары да билет керектүү документтерин тапшыргкнмын дейт.**

**8) "Тобокел"тобуна жаңы катталган 6-б кл окуучусу Иматуллаева Ф.өзун алып жүрүү жана тартиби боюнча кл жет Ысманова Н менен биргеликте рейд жүргүзүлдү.Алар Салиева участкасына караштуу Миң Булак көчөсүндө жашайт.Энеси Анара эже менен Исматуллаеванын тартиби жана калп сөздөрдү көп сүйлөгөндүгү жөнүндө сүйлөшүлүп,энеси небересинин жүрүм-турумун көзөмөлдөө жагын өз мойнума алып,өз керт башым менен жооп берем деген тил кат алынды.**

**9) Тобокел тобундагы 11-кл окуучусу Турдуматов Д.кл жетекчиси Тукубаева А менен сабакты себепсиз калтыргандыгы үчүн Турусбекова көчөсүнө рейд жасалып анын апасы менен жакындан сүйлөшүп,тил кат алынып келинди.**

**10) 11-кл Тойчиев Б мамлекттик экзаменге келбей койгондугу үчүн Салиева участкаына рейд жасалды.Апасы Гулбара баласы тоого кетип келе албай калгандыгын айтып,кийинки экзамендерге катыша тургандыгына ишендирип тил кат жазып берди.**

**11).9-а кл окуучусу Сраждинов Н да малекеттик экзаменге келбегендиги боюнча Мал Базар көчөсүнө рейд жасалды.Апасы Дилбар эрте менен экзамен деп чыгып кеткендигин айтты.Бала эрте менен чачын алдырып башы ооруп калган,бирок үйгө барган эмес.**

## 2021-2022-окуу жылы "Тобокел" тобундагы балдар менен алып барылган иш-чаралар.

| № | Ф .И.О. | класс | туулган | жашаган жери | себеби |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Турдуматов Д | 11-кл | 30.11.04 | Салиева уч | Тартиби начар,сабактан көп калат |
| 2 | Саждинов Н | 9-а кл | 27.05.06 | Мал Базар | Сабактан көп клат үйдөн чыгып кетет. |
| 3 | Исматуллаева Ф | 6-б | 27.04.08 | Мельничная к/ү | Тартиби татаал,калпты көп сүйлөйт. |

"Тобокел"тобундагы балдар менен жекече сүйлөшүп,класс жетекчилери менен байланышып аларга мүнөздөмөлөрдү жазып беришти.
"Тобокел"тобундагы балдар 11-кл Турдумаматов Д жана 9-а кл Сраждинов Н дене тарбия сабагынан валейбол жана баскедбол кружокторуна тартылды.

Жаны катталган 6-б кл окуучусу Иматуллаева Фарангис менен жакындан сүйлөшүп, түшүнүк кат алынды жана класс жетекчиси Исманова Н мүнөздөмө жазып берди.Себеби Фарангис сабактан себепсиз көп калат,жолдоштору менен жакшы мамиледе боло албайт,калп сөздөрдү көп сүйлөйт,энесинин ордуна базарга чыгып кетет,ошондуктан "Тобокел"тобуна каттоого алынды. Анын үйүнө кл жетекчиси Ысманова Н менен рейдке чыгып,энеси Анара эже менен жакындан сүлөшүп Фарангисттин мүнөзү,кылык-жооруктары жөнүндө толук айтып бердик,бирок энеси невересинин кылык-жооруктарын мойнуна алды,мындан кийин өзүм жакшы көзөмөлдөй деп убадасын берди.
Исматуллаева Ф мектепте да каттуу көзөмөлгө алынып,технология сабагынан "Чебер колдор"аттуу кружогуна тартылды.

## Мүнөзү оор балдар менен алып барылган иш-чаралар.

Майып окуучулар Турсуналиев Т,Жолдошев Байелдерди башка окуучулар менен "Келечек менин көз карашымда"деген темада сүрөт конкурсун өткөзүп,белектер берилди.
Ошондой эле ата-энелери менен да ар квартал сайын, сүйлөшүп балдардын азыркы мезгилдеги абалы тууралуу маалымат такталып турулат.

## Оор турмушка кабылган балдар.

6-а кл Мадаминов Даниел-апасы инвалид төшөктө,тайене,тайатанын колунда жашайт,турмушу оор .

Декабрь айында оор турмушка кабылган Даниелдин үйүнө класс жетекчиси Дүйшеева Б биргеликте барып, жашоо турмушу менен жакындан таанышып жана ага демөөрчүлөр тарабынан жаны жылдык белектерди тапшырып келдик.

| № | Алынган буюмдар | сумма | Демөөрчү |
|---|---|---|---|
| 1 | Спорт кийими | 1200сом | Арапова Б<br>Акматова А |
| 2 | Кышкы бут кийим | 1200сом | Акшайыр |
| 3 | Шым | 700сом | Рахат |

2) 3-а кл Сыдыкалиева Адина - апасы менен атасы ажырашып өздөрүнчө жашашат,кыз чон атасынын колунда турат.

Күбөлүгү жок 2-б кл окуучусу Сыдыкалиева А үйүнө 2 жолу рейдке чыгып, чон атасы менен сүйлөшүп келдим.Чон атасы эртен кыздардын апасы Россиядан келе тургандыгын айтты. Кыздардын апасы келип эле, кыздарымдын күбөлүгүн сөссүз алып бергенге аракет кылам деп убадасын бергенин айтты,бирок экинчи жолу

**ноябрда кайра барып кыздардын чон атасынан сурасам апасы кыздарды өзүнүзгө откозүп ала берин деди дейт.**
**Социалдык балдарды коргоо кызматкери Тахмина менен байланышып сүйлөшсөм,биз да кыздардын апасынын туулган жери Кара Сууга кат жөнөттүк,бирок эч кандай кабар жок деп жооп берди.**

**2021-2022-окуу жылы ишеним кутучасы боюнча билдирүү.**

**"Ишеним кутучасы"боюнча ар бир дүйшөмбү күнү 1-11-класстарга соц педагог тарабынан рейд жүргүзүлүп түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп турулат.**
**Ишеним кутучасы ар бир айдын аягында комиссиянын мүчөлөрү менен ачылып турулат,бирок кутучада эч кандай даттанган,арыз муңдар жок болуп чыкты.**
**Окуу жылынын аягында ачылганда ишеним кутучасында окуучулар тарабынан төмөнкүдөй кайрылуулар болду:**
**-предметтик мугалимдерге кайрылуу 3.**
**- окуучулардын журум-туруму боюнча сунуштар-6.**
**- окуучулардын мугалимдерге болгон алкышы-5.**
**Бул 14 катты комиссия мүчөлөрү окуп баары талкууланды жана предметтик мугалимдерге кайрылууну окуу бөлум башчысы Белакова Н,окуучулардын жүрүм-туруму боюнча тарбия бөлүм башчысы Молдоболотовагакөзөмөлдөө жагы бекитилди.**

2021-2022-окуу жылындагы "Социалдык адилеттүүлүк күнүнө" карата өткөрүлгөн иш-чаралар .

21.02. М.Куренкеев атындагы №11 орто мектебинин социалдык педагогу Кадырова Ч.тарабынан.Ч "Социалдык адилеттүүлүк күнүнө" карата план түзүлүп бекиттирилди.

22.02.10-кл арасында "20-февраль – Социалдык адилеттүүлүк күнү"деген темада дубал газеталар чыгарылды.

28.02.ар бир класс жетекчилер менен биргеликте,1-11-кл окуучулардын тышкы жана ички мигранттар аныкталып,алардын ким менен жашагандыгы,ошондой эле жашоо шарты менен да таанышып чыгып төмөнкүдөй жыйынтыкталды.

| № | классы | мигрант | апасы карайт. | атасы карайт | Чоң эне карайт | Таене карайт | Турмуш абалы. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 1-4-кл | 35 | 9 | 5 | 11 | 10 | Жакшы |
| 2 | 5-8-кл | 33 | 8 | 5 | 11 | 8 | Жакшы |
| 3 | 9-11-кл | 15 | 5 | 2 | 5 | 4 | Жакшы |
| 4 | жыйынтык | 83 | 22 | 12 | 27 | 22 | |

28.02. "Адилет коомду кантип курабыз"деген темада ата-энелер жана окуучулар арасында түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.Мында адилеттүү коомду курууда ата-эненин жана окуучулардын милдети жөнүндө талкуу жүргүзүлдү.Талкууга ата-энелер жакшы катышышты себеби,өз ойлорун кеңири сүйлөшүп,мектептеги адилеттүүлүк боюнча да айтып кетишти.
Бул тарбиялык сабакта соц педагог, "Ата-эне балдарына калыстык менен адилеттүү мамиле кылса,балдар да адилеттүү болуп өсөт"деген сөзү менен жыйынтыктады.

02.03.Мугалимлер жамааты менен биргеликте М.Куренкеев атындагы №11 орто мектебинде эмгектенип,азыркы мезгилде эргүүдө отурган ардагер мугалимдер менен баарлашып,алардын моралдык жактан көңүлүн көтөрүп майрамдык маанай тартуулап келдик.

04.03."Эрте никеге туруунун кесепети","Эрте нике куруу эне жана бала үчүн ден соолукка зыян"аттуу темаларда 8-9-10-11-кл кыздар арасында чогулуш болуп өттү.Чогулушка соц педагог Кадырова.Ч,кыздар советинин төрайымы Маматалиева М жана анын мүчөлөрү,тарбия бөлум башчысы Молдоболотова А,класс жетекчилер ,55 кыздар катышышты.

Чогулушта кыздар өз ойлорун кеңири айта алышты жана эрте нике куруу-ден соолугуна зыян, ошондой эле келечектеги өз турмушуна балта чабуу экендигин туура түшүнүштү.

07.03."Адилеттүүлүк – бул эркиндик"деген темада 5-7-класстардын арасында сүрөт конкурсу өткөрүлдү.Бул конкурска сүрөт мугалимдеринин жардамы менен уюшулду.Конкурска мүнөзү оор жана тобокел тобундагы балдар да катышышты.Бирок, конкурска 5-а, 7-а класстардын окуучулары,ошондой эле мүнөзү оор жана тобокел тобундагы балдар активдүү катышты деп аныкталды.

09.03."Социалдык адилеттүүлүк күнүнө"карата өткөрүлгөн иш чара жыйынтыкталып, активдүү катышкан класстарга жана активдүү катышкан окуучуларга төмөнкүдөй мактоо баракчалары жана кичинекей белектер тапшырылды.

* "20-февраль-Социалдык адилеттүүлүк күнү"(дубал газета)-9- а кл
* "Адилеттүүлүк-бул эркиндик"(сүрөт конкурсу)-5-а кл.
*Тусуналиев Тимур (мүнөзү оор окуучу) 6-б кл -альбом,краска,кистичка белектери менен сыйланды.
* Исматуллаева Фарангис (тобокел тобундагы окуучу)-фламастер жана түстүү кагаздары менен сыйланды.

**2021-2022-окуу жылы "Эрте никеге туруу кесепети"жана "Эрте никеге туруунун алдын алуу"деген темада өткөрүлгөн иш чаралар.**

**Эрте никеге туруу коомчулукта бир топ убакыттан бери талкууланып келет.Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза кодексинин 155-1 беренесине ылайык 18 жашка чейинки нике-кылмыш болуп саналат.**

**Бул багытта биздин мектепте да мугалимдерден жана кыздардан кыздар кеңеши уюштурулган.Мектеп кыздар кеңешинин төрайымы Маматалиева соц педагог Кадырова Ч, жана класс жетекчилер менен биргеликте тез-тез эле кыздар арасында ар түрдүү маселелер,ар түрдүү кыздарга тиешелүү темаларда аңгемелешүүлөрдү өткөзүп турат.**

**Октябрь айында "Эрте никеге туруу кесепети"деген темада 9-11-кл арасында тарбиялык саат өтүлдү.Бул тема боюнча 9-а кл жетекчиси Кадырова Ч окуучуларга жеткиликтүү кылып сабак өтүп берди.**

**Кыздар кеңешинин төрайымы,соц педагог,класс жетекчилердин катышуусу менен биргеликте 8-11-кл кыздарынын арасында,кыздардын жүрүм-туруму тазалыгы менен бирге "Эрте никеге туруунун алдын алуу"деген темада аңгемелешүү жүргүзүлдү.Аңгемелешүүдө кыздар өз ойлорун кеңири сүйлөп берише алды жана эрте никеге туруу -бул ден соолукка,ошондой эле турмушта ойлобогон ар түрдүү терс окуяларга дуушар болооруна ынанышты.**

**Декабрь айында 9-11-кл кыздарынын арасында "Эрте никеге туруунун кесепети"деген темада сурамжылоо жүргүзүлдү.Сурамжылоо жабык түрүндө жүргүзүлдү.Сурамжылоого 61 окуучу катышты.**

| № | Сурамжылоо | класс | саны | каршы | макул | нике жөнүндө ойлоно элекмин |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Эрте никеге туруу кесепети. | 9-кл | 26 | 21 | | 5 |
| 2 | Эрте никеге туруу кесепети. | 10-кл | 18 | 18 | | |
| 3 | Эрте никеге туруу кесепети. | 11-кл | 17 | 17 | | |
| 4 | Жыйынтыгы. | 9-11-кл | 61 | 56 | | 5 |

Февраль айында 8-11-кл кыздарынын арасында “Эмне үчүн 18 жашака чейинки никеге турууну эрте деп эсептейсин”деген темада тегерек стол өтүлдү.Тегерек столго 8-9-10-11-кл экиден кыз катышышты.Тегерек столго катышкан кыздар активдүү катышты.Алар бул тегерек столдун жыйынтыгы менен 18 жашка чейинки эрте никеге туруудан алыс болуп,өз убагында жакшы билим алып келечектеги турмушунда туура жол тандоого умтулууларын билдирип кетишти.

2021-2022-окуу жылы Рекетчилик боюнча аткарылган иш-чаралар.

Мектеп ичиндеги жана мектептен сырткары жүргүзүлгөн рекетчиликтин алдын алуу иштери мектеп соц педагогу жана ИДН кызматкери Абдимиталип у М менен биргеликте сүйлөшүүлөр,аңгемелешүүлөр жүргүзүлүп турат.

Рекетчиликтин алдын алуу боюнча кл жетекчилер менен биргеликте видио роликтер жана класстык тарб.саттар өтулдү.7-б кл жетекчиси Мамасаидова К “Рекетчилик деген эмне” деген темада тарбиялык саатты видио ролик,кинолорду көрсөтүү менен эң кызыктуу кылып өтүп берди,балдар рекетчиликтин арты жакшылыкка алып барбагандыгын толук түшүнүштү.

Окуу жылынын аягында 9-кл балдарын №8 лицейдин окуучусу Дастан деген бала зордуктап талаага алып барып иштетем деген жеринен качып кеткендиги аныкталды.Инспектор менен биргеликте жабыркаган балдардын жана зордоп иштетем деген бала Дастандын ата энелери чакырылып окуянын жай-жөнүн түшүндүрүшүп беришти.Дастан анын атасы Рустам жана жабыркаган балдар, алардын апалары тил кат жана түшүнүк каттарды жазып беришти.Ошону менен бирге Дастан мындан кийин бул балдарга жакын жолобогондугу жөнүндө убадасын берди.

2021-2022-окуу жылынын каникул убагында окуучулардын коопсуздугун алдын алуу максатында аткарылуучу иш-чара.

Эс алуу мезгилинде азыркы кырдаалга байланыштуу табият кырсыктарынан оолак болуу жана жай мезгилинде сууга чөмүлүүнүн эрежелери,жолдору боюнча 1-11-кл арасында чооң жыйын өткөзүлүп,түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.Ощондой эле ар бир кл жетекчилер окуучуларына сууга чөмүлүүнүн эрежелери боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүшүп кол койдуруп алышты жана ата энелерге да жеткизишти.

**2021-2022-окуу жылдын аягында мектеп бюнча окуучулардын жалпы контингенти такталып,төмөнкүдөй жыйынтыкталды.**

| № | | бардыгы | Жалпы санынын %ы |
|---|---|---|---|
| 1 | Мектептеги окуучулардын жалпы саны | 744 | 100% |
| 2 | “Тобокел”тобундагы балдар | 3 | 0,3 |
| 3 | Көп балалуу үй бүлөөдөгү балдар | 38 | 5,1 |
| 4 | Аз камсыз болгон үй бүлөөдөгү балдар | 24 | 3,2 |
| 5 | Камкордукка алынган балдар | 3 | 0,3 |
| 6 | Апасы жалгыз тарбиялаган балдар | 10 | 1,3 |
| 7 | Толук жетим балдар | 2 | 0,2 |
| 8 | Жарым жетим балдар | 19 | 2,5 |
| 9 | Ата-энеси чет жакта жүргөн балдар | 85 | 11,4 |
| 10 | ЖӨИ каттоосунда турган балдар | - | - |
| 11 | Социалдык жетим балдар | 29 | 3,8 |
| 12 | Этно кыргыз окуучулар | 2 | 0,2 |
| 13 | Күбөлүгү жок балдар | 1 | 0,1 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **14** | **Мүнөзү оор балдар** | **3** | **0,3** |
| **14** | **Оор турмушка кабылган балдар** | **2** | **0,2.** |

## Жетишкендиктер жана башка долбоорго катышуу.

2021-2022-окуу жылында "Жарандык жигердүүлүүктү жогорулатуу боюнча Баткен облусунун тынчтык куруучуларынын биргелешкен демилгелерин өнүктүрүүгө көмөктөшүү"долбоорунун алкагында "Жол транспорт кырсыктарын алдын алуу"деген темада өткөрүлгөн иш чара.

2021-2022-окуу жылынын 22-мартында "Жарандык жигердүүлүктү жогорулатуу боюнча Баткен облусунун жаш тынчтык куруучуларынын биргелешкен демилгелеринин өнүктүрүүгө көмөктөшүү"долбоорунун негизинде чон салтанатту линейка өттү.

Иш чара Кыргыз Республикасынын Гимни менен башталды.

Бул иш чарага коноктор,20 ата эне,65 окуучу,мугалимдер жамааты ктышышты.
Бул долбоорго 2021-жылдын октябрь айынанан бери, мектептин социалдык педагогу, Кадырова Ч.А нын жетекчилиги менен бирге окуучулар катышып келе жатышат.Декабрь айында долбоордун жыйынтыгында проект жазуу менен аяктады.

Бул долбоордун негизги максаты мектептин окуучуларынын көйгөйүн чечүү болгондуктан, проектин темасын мектеп чоң трассада жайгашкандыктан "Жол транспорт кырсыктарын алдын алуу"деген темада проект түзүлдү.Бул проектин алкагында 400 доллар суммасындагы акча каражаты бөлүндү.

Проектин планында жол транспорт кырсыктарын алдын алуу менен бирге милициянын жаш жардамчылар (мжж) тобу түзүлдү, жана алар 35 миң суммасындагы форма менен камсыздалды.

Ушул долбоордун негизинде иш чараны мектептин директору Бакирова М К ачып берди. Кызыл-Кыя шаарынын мэри Маткалыков А Ж,Кызыл-Кыя шаардык Билим Берүү бөлүмүнүн башчысы Мотосманова Д Ж,долбоордун жетекчиси Муратов Айбек,Кызыл-Кыя шаардык депутаты Маткалыков З З катышышты жана алар иш чаранын планы жакшы түзүлгөндүгү,жакшы уюштурулгандыгы жөнүндө өз ойлорун куттуктоолорун билдирип кетишти.

Долбоорго катышып келген окуучулар 10-кл окуучулары Нуритдинова А,Азимбердиева Кызжибектер да, өтө кызыктуу темадагы семинарлар өтүлгөндүгү,семинардан өздөрүнө пайдалуу нерселерди алгандыгы, жана кыскасы келечекте өзүбүздүн коомдогу ордубузду биле алдык деп долбоорго катышкандарына өкүнбөгөндүгү жөнүндө айтып кетишти.

Долбоордун алкагында МЖЖ нын жардамчылары 10 окуучуга (5 эркек,5 кыз бала) форма менен камсыз болгондуктан, тарбия бөлүм башчысы Молдоболотова А,аскерге даярдоо мугалими Акжолов А тарабынан даярдалган марш тебүү ыкмалары аткарылды.

Иш чара Кыргыз Республикасынын Гимн менен жыйынтыкталды.
Ошол эле ишчарадан кийин долбоордун планы боюнча "Жол транспорт кырсыктарын алдын алуу" "Уматтуу айдоочулар жана жүргүнчүлөржол эрежесине сак болуңуздар"деген лозунгдарын көтөрүп ата энелер,окуучулар,мугалимдер жамааты,МЖЖ тобу милиция кызматкерлеринин жардамы менен биргеликте жүрүш жүргүзүлдү.

Мектеп директору: Бакирова М.К.
Соц педагог: Кадырова Ч.А.

**М.Куренкеев атындагы №11орто мектебинин социалдык педагогунун 2022-2023-окуу жылында аткарган иштери боюнча маалымат.**

26-августта 2022-2023-окуу жылы үчүн жылдык план түзүлүп бекиттирилди жана предмет мугалимдери,класс жетекчилер менен биргеликте иш алып барылды.
9-20-сентябрь аралыгында класс жетекчилер менен биргеликте мектептин социалдык паспорту түзүлүп төмөнкүдөй жыйынтыкталды:

Жалпы саны -815
Көп балалуу үй-бүлөнүн балдары – 71
Аз камсыз болгон үй-бүлөнүн балдары -25
Карамагына алынган балдар – 1
Апасы жалгыз тарбиялаган балдар – 7
Тоголок жетим – жок
Жарым жетим – 30
Шаардык учётто турган бала – жок
Ата-энеси мигрант бала –167
Этно кыргыздар – 5
Социалдык жетим – 43
Мүмкүнчүлүгү чектелген мүнөзүү оор балдар – 2

Окуу жылынын башында эле жол транспорт кырсыктарын алдын алуу боюнча Кызыл-Кыя шаардык кызматкерлери менен биргеликте түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

-Радикализм-экстремизм – терроризмдин алдын алуу боюнча КР Президентине караштуу дин иштери мамлекеттик комиссиянын Баткен облусундагы өкүлү Юсупов Чагылган Абдимиталиповичтин катышуусу менен жогорку класстарга түшүндүрүү иштери менен биргеликте чоң жыйын өткөзүлдү.1-11-класстар “Радикализм-экстремизм-терроризм”деген темада тарбиялык саатар өтүлдү.

-Кылмыштуулуктун алдын алуу жана аны болтурбоо максатында Кызыл-Кыя шаардык Билим Берүү бөлүмүнүн башчысы Д Мотосмонова,Кызыл-Кыя шаардык прокурорунун орун басары Орозалиев И.А,балдарды коргоо кызматкерлери,шаардык милиция кызматкерлери,мугалимдер жамаатынын катышуусунда,7-11-класстарынын окуучуларына, видео роликтердин жардамы менен тастыкталып эң жакшы маалыматтар берилди.
-Кылмыштуулуктун алдын алуу,болтурбоо,салык салуу жана кысым көрсөтүү боюнча 5-11-класстардын эркек балдарынын арасында балдар чогулушу болуп өттү.
“Кылмыштуулук деген эмне”аттуу тарбиялык саатар өтүлдү.
-“Рекетчилик деген эмне”деген темада 4-9-класстардын арасында сурамжылоо жүргүзүлдү.

**Суициддин алдын алуу боюнча пландар түзүлүп төмөнкүдөй иш чаралар өткөзүлдү:**

-“Кыздардын адеп-ахлагы жана өздүк-гигиенасы”деген темада 7-11-класстардын кыздарынын арасында семинар өтүлдү.
-Эрте никеге туруу кесепети”7-11-класстардын кыздарынын арасында сурамжылоо жүргүзүлдү.
-“Менин жашоого болгон көз карашым”,”Жашоо-бул керемет”деген темада 5-7-кл арасында сүрөт конкурсу жана тарбиялык сааттар уюштурулду.

**-“Зордук-зомбулукка 16 күн” акциясына план түзүлүп ар түрдүү иш чаралар, тарбиялык саатар өткөзүлдү:**

- “Гендердик зомбулук”деген темада соц педагог тарабынан мугалимдер жамаатына жана жогорку класстын окуучуларына семинар өтүлдү.
- “Зордук-зомбулукка каршыбыз”деген темада 9-кл тегерек стол,1-11-класстар тарбиялык сааттар жана ата-энелер менен да чогулуштар өтүлдү.
“Зордук-зомбулуксуз жашоо”деген темада 5-7-класстардын арасында сүрөт конкурсу болуп өттү.
-7-9-класстардын арасында сурамжылоолор жүргүзүлдү.

Ата-энеси миграцияда жүргөн,кооптуу үй-бүлөдө жашап жаткан,документи жок балдар,оор турмушта жашаган,турмуштук оор кырдаалга кабылган балдар,тобокел тобундагы балдар аныкталып төмөнкүдөй иш чаралар, рейддер,сйлөшүүлөр жүргүзүлдү.

**“Тобокел”тобундагы балдар менен алып барылган иштер:**

Мектеп ичинде “Тобокел” тобуна 4 окуучу катталган.Бул балдар менен мектептин соц педагогу Кадырова Ч,класс жетекчилер менен биргеликте иш алып барат.

**-6-а кл окуучусу Сейитова Айсоонун**,аз камсыз болгон жана жүрүм-туруму кооптуу үчүн каттоого алынган.Сейитова Айсоонундун класс жетекчиси Сапарматова Ү жана соц педагог Кадырова Ч менен биргеликте үйүнө рейд жасалды.Айсоонундун апасы менен жекече слөшүлүп,мен оорукчан болгондуктан сабактан көп алып калам мындан кийин калтырбашка аракет кылып,жүрүм-турумун көзөмөлдөйм деген убадаларын берди.

**Сейитова Айсоонун менен соц педагогдун алып барган иши**: Айсоонун менен жекече сүйлөшүлүп,түшүнүк каттар алынды жана ал окуучу “Чебер колдор”аттуу ийримге тартылып саймаларды сайганды үйрөнүүгө аракет кылып жатат.

**--5-б кл Исматуллаева Сарвиноз** бул да ата-энеси ажырашып кетип энесинин карамагында тарбияланат.Сабактан көп калат,үйдөн акчаларды уурдап чыгып кетет калп сөздөрдү көп сүйлөйт.Класс жетекчиси Исманова Н менен биргеликте энеси Анара эжени мектепке чакырып түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү жана Сарвинозду жүрүм-турумун такай көзөмөлдөйм,базарга ишке чыгарбайм бир нерсе болсо өз керт башым менен жооп берем деген убадаларын берип тил кат жазып кетти.
Соц педагог Сарвиноз менен да жекече сүйлөшүп мындан кийин тартиптүү болом деген түшүнүк кат жаздырып алды жана “Чебер колдор”аттуу ийримге тартылды.

**--8-б кл Ишмуратов Эрмек**-бул аз камсыз болгон,сабактан себепсиз көп калат деген билдирүү менен каттоого алынган.Эрмектин кл жетекчиси Мамасаидова К менен биргеликте үйүнө рейд жасалды.Эрмектер ээн талаада бир комнаттуу үйдө жашайт жашоо шарты начар экен.Ата-энеси эч жерде иштебейт.Баланын сабакка келбегенинин себеби,эрте менен сабакка деп кийинип чыгып кетет дейт апасы,мен мектепке кирбегендигин билбейт экенмин.Мындан кийин атасы экөөбүзтең көзөмөлдөп турабыз деген убадаларын айтышып тил кат жазышып берген.
Соц педагог Ишмуратов Эрмекти дене тарбия мугалимдери Шамшиев Т,Бакиров Б менен макулдашып спорттук оюндарына (валейбол,шахмат,шашки) тартылды.
Аз камсыз болгон үй-бүлөгө киргендиктен соц педагог жана тарбия бөлүм башчысы тарабынан Эрмекке куртка,бут кийимдер берилди.

**--6- а кл Шавкатов Ислам**-бул бала тартиби,жүрүм-туруму начардыгы,ата-энеси мигрант жана уурулук кылуу менен катталган. Ислам таенеси менен турат.1-5-класска чейин №2 мектепте окуган.

Соц педагогдун алып барган иши:Исламдын таенеси Ибадат эжени мектепке чакырып ИДН,мектеп адмнистрациясы менен биргеликте баланын жоорукторы боюнча сүйлөшүлдү.Таенеси Ибадат эже мындан кийин неберемдин жүрүм-турумун көзөмөлгө алып туура жолго саламын,сабактан калтырбаймын деген тил кат жазып кетти.
Шавкатов Исламды да дене тарбия мугалимдери Шамшиев Т,Бакиров Б менен байланышып спорттук ийримдерге (валейбол,шахмат,шашки)тартылды жана ЮИД боюнча шаардык конкурсуна катышты.

**Сабакты себепсиз көп калтырган окуучулар менен алып барылган иштер:**

--Окуу жылдын башында окуучулар толук эле келип жатты,бирок сентябрь айынын аяктарында,октябрь айынын башында 11-класстын окуучусу Ниязалиев Нуртилек такай сабакка келбей койду.
- Класс жетекчиси Дженбаева Гменен биргеликте, Нуртилек жана анын апасы Алтынай мектепке чакырылды.Апасы баласынын талаа жумуштары жана тириликтин айынан базарга жумушка чыгарып жаткандыгын айтты.
- Нуртилек да мындан кийин сабакты себепсиз калтырбайм деп түшүнүк кат жазып берди.Апасы Алтынай да балам бүтүрүүчү класс болгондуктан атестат алуу керек,мындан кийин себепсиз калтырбайм,калтыра турган болсом класс жетекчиси Гулнурга же соц педагог Чынар эжекеге, кайрылуу менен алып калам деген убадаларды берип тил кат жазып калтырып кетти.

**Мүмкүнчүлүгү чектелген мүнөзү оор балдар менен алып барылган иштер:**

7-б класста мүнөзү оор Турсуналиев Тимур окуйт.Тимур сүйлөй албайт (диагнозу деменция легкой степени).
-Турсуналиев Тимурдун документтери жыл сайын жаңыланып тиркелип турат.
- Тимурдун апасы Наркан менен план боюнча мектепке чакырылып баланын ден соолугу абалы менен аңгемелешүү жүргүзүлүп турат.

- 3-декбрь-майыптар күнүнө карата шаардык балдарды коргоо кызматкерлери тарабынан уюштурулган спорт оюндары (шахмат,шашки)мелдешке катышып акчалай сыйлык алып келди.
- Мектеп ичинде ийримдерге тартылган.Мисалы дене тарбия сабагынан спорттук оюндарына (валейбол,шашки)катышат.
- Көркөм өнөр сабагынан “Келечек менин көз карашымда”деген сүрөт конкурсуна катышып белектер берилди.
- 12-декабрь –“Улуттук адабият күнүнө”карата китеп кааначы Юлдашева Р менен байланышып,жомок китептер жана түстүү сүрөтү бар китептер менен тааныштырып балага ар түрдүү суроолор берилди.
- Турсуналиев Тимур аз камсыз үй-бүлө катары, соц педагог тарабынан акча жана бут кийим берилди.

**Документи жок балдар менен алып барылган иштер:**

Документи жок 3-б кл окуучусу Сыдыкалиева Адина.Бул окуучунун туулгандыгы тууралуу күбөлүгү жок.Себеби Адинанын төрөт үйүндө төрөлгөндүгү жөнүдө справканы ата-энеси жоготуп коюшкан.

-Сыдыкалиева А социалдык абалы (ата-энеси ажырашкан,атасы башка аялга үйлөнүп алган,апасы да башка турмуш курган)азыркы мезгилде,кыз чоң атанын карамагында.

-Сыдыкалиеванын документи жоктугу боюнча соц педагог жыл сайын тиешелүү жерлерге кат жүзүндо да, оозеки түрүндө да маалымат жеткизилип турат,бирок эч кандай жыйынтык жок болуп жатат.

- Соц педагог Кадырова Ч Сыдыкалиева Адинанын үйүнө барып жашоо шарты боюнча рейд жасап турат.Ал чоң атасы жана майыптыгы бар эжеси менен кичинекей үйдө турушат.Чоң атасы Сыдык ага менен да окуучунун документи жөнүндө сүйлөшсөк, эч кандай алып бере турган жол жок дейт.Кыздардын чоң атасы Сыдык ага, апасы менен сүйлөшсөм кыздарды сизге тапшырдым деп өз кыздарынан баш тартты дейт.

**Мигранттын балдары менен алып барылган иштер:**

Мектеп боюнча 167 окуучу мигранттын балдары.Ал окуучулар кимдин карамагында калгандыгы боюнча,класс жетекчилер менен биргеликте аныкталды.

Эң кооптуу үй-бүлөдө жашаган 11-кл окуучулары Абдыкаарова Гжана Айбек у Байдөөлөттөр аныкталды.

-Абдыкаарова Г жеңесинин карамагында калган.Окуучунун ата-энеси менен сүйлөшүп жатып өз агасы Абдыкааров Б чакырылып жатып карамагына алынды.

- Айбек уулу Байдөөлөттүн ата-энеси, таенесине таштап кеткен.Байдөөлөттүн таенесин мектепке чакырсак келе албагандыктан,келини Аида келип Байдөөлөттүн кепилдигин толугу менен биз, өз мойнубузга алабыз деп тил кат калтырып кетти.

**Турмуштук оор кырдаалга кабылган,аз камсыз болгон үй-бүлөдө жашаган балдар мененалып барылган иштер.**

Турмуштук оор кырдаалга кабылган жана аз камсыз болгон үй-бүлөдөгу балдар боюнча соц педагог Кадырова Ч.А.класс жетекчилердин жардамы менен жыл ичи аныктоо иштерин жүргүзүп турат.
-"Сенин келечегин алдында","Ар бир Кыйынчылыктын ачкычы бар","Ак эмгектин наны таттуу жалкоонун жаны таттуу" деген темада тарбиялык саатар өтүлдү.
-" Адам эгеги менен таттуу"деген темада 2-4-класстардын арасында сүрөт конкурсу.
-Сен жашоону кандай кабылдайсын? деген темада 6-9-класстардын арасында сурамжылоо жүргүзүлдү.
-Турмуштук оор кырдаалга кабылган жана аз камсыз болгон үй-бүлөдө жашаган балдар үчүн "Досуңа жардам" акциясы уюштурулуп материалдык жардамдар (кийимдер,бут кийимдер,окуу куралдары) берилип турат.

Даярдаган соц педагог: Кадырова Ч.А.